USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

MSDSP KG
Ага Хан Фондунун демилгеси

UCA
БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНУКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ
Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту

# Кыргызстандагы кийим тигүү тармагы жана жаштарга жумуш орундарын түзүп берүү: Кошулган нарк тизмегине талдоо жүргүзүү

Канат Тилекеев
Бакытбек Токубек уулу
Дильбара Кирбашева



ДОКЛАД #57, 2020

БОРБОРДУК АЗИЯ УНИВЕРСИТЕТИ
ЖОГОРКУ ӨНҮКТҮРҮҮ МЕКТЕБИ
Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту

ДОКЛАД #57, 2020

# Кыргызстандагы кийим тигүү тармагы жана жаштарга жумуш орундарын түзүп берүү: Кошулган нарк тизмегине талдоо жүргүзүү

Канат Тилекеев,

Бакытбек Токубек Уулу,

Дильбара Кирбашева

**Мазмуну:** Кийим тигүү тармагындагы кошулган нарк тизмегин талдоо кийим тигүүчү ишканалардагы жаш жумушчулардын билим-көндүмдөрүндөгү мүчүлүштүктөрдү аныктап, алардын жумушту тез-тез алмаштырып турушуна терс таасир тийгизүүчү чектөөлөрдү иликтейт, о.э. Кыргызстандын айыл аймактарында кийим тигүү мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт. Буга чейинки жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү жана макалаларды карап чыгуу, кийим тигүү тармагында иштеген жумушчулар жана эксперттер менен маектешүү, эл аралык жана жалпыга маалымат каражаттары чагылдырган макалаларды колдонуу жана Кыргызстанда жайгашкан кийим тигүү ишканаларындагы жумушчулары менен маек жүргүзүү бул изилдөөнүн негизги усулу болуп саналат. Бул изилдөө Кыргызстандагы кийим тигүү тармагынын азыркы абалын, түзүлүшүн жана ага катышуучу негизги кызыккан тараптарды карайт. Кийим тигүү тармагындагы кошулган нарк тизмегинин жалпы көрүнүшүн сүрөттөп, миграция, жумушсуздук, гендер жана учурдагы кийим тигүү тармагына тиешелүү негизги сабаттуулук көндүмдөрүнө тийиштүү маселелерге токтолот. Макаланын аягында изилдөөнүн жыйынтыгы менен кошо эл аралык, мамлекеттик жана донор уюмдарга сунуштар берилген.

**Макалада колдонулган негизги сөздөр:** кийим тигүү тармагы, кийим тигүүчү ишкана, жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү, жаштар, миграция, керектүү көндүмдөр, гендер, маяна, сапаттар, кесиптик өнүгүү, жумуш шарттары, ишканалар.

**JEL** Классификациясы: D46, J21, J24

Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту 2011-жылы Орто Азиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө тиешелүү маселелер боюнча туруктуу жана терең изилдөөлөрдү жайылтууга, жана алтернативдүү саясатты изилдөө максатында түзүлгөн.

Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту Борбордук Азиянын Өнүгүү мектебинин (магистратура) бир бөлүгү болуп саналат. Борбордук Азия университети (БАУ) 2000-жылы түзүлгөн. Анда Тажикстан, Кыргызстан жана Казакстан өлкөлөрүнүн президенттери жана улуу даражалуу Ага Хан жеке, коммерциялык эмес жана диний эмес (светтик) университет түзүү жөнүндө эл аралык келишимге кол коюшкан; бул эл аралык келишим жогоруда аталган үч өлкөнүн парламенттери тарабынан бекитилип, Бириккен Улуттар Уюмунда катталган.

Мамлекеттик саясат жана башкаруу институтунун Изилдөө макалалар жыйнагы ар кандай социалдык жана экономикалык көйгөйлөргө, мамлекеттик башкарууга жана коомдук саясатка тиешелүү Борбордук Азия контестиндеги кенен темалар боюнча түп нускалуу макалалар жарыяланчу рецензияланган материалдардын топтомун түзөт Ал жалпы элеаталган чөлкөм туш болуп жаткан учурдагы жана жаңы пайда болуучу көйгөйлөргө тынчсызданган аудитория менен авторлор өз идеяларын бөлүшүүсү үчүн жандуу ыкма катары ойлонуп табылган. Макала боюнча суроолор же сунуштар ippa@ucentralasia.org дарегине жөнөтүлүшү шарт.

Изилдөө макалалар жыйнагынан үзүндүлөрдү алдын ала уруксатсыз колдонууга болот. Мамлекеттик саясат жана башкаруу институтунун Изилдөө макалалар жыйнагынын редакторлору: **др. Богдан Кравченко** жана **др. Роман Могилевский**

**Авторлор тууралуу маалымат:**
**Канат Тилекеев** БАУнун Мамлекеттик саясат жана башкаруу институтунда (МСБИде) ага изилдөөчү болуп 2012-жылдан бери эмгектенет. Ал Дүйнөлүк Банктын, USAIDдин, БУУнун АзыкТүлүк жана Айыл чарба уюмунда жана башка изилдөө уюмдарында долбоордун таасирин баалоо, социалдык-экономикалык анализдөө, соода-сатык, чакан жана орто ишкердик/өндүрүмдүн түзүлүшү жана сарпталышы, айыл-чарба, климаттын өзгөрүүсүн жана кедейликти талдоо изилдөөлөрүндө иш алып барат.

**Бакытбек Токубек уулу** БАУнун МСБИде изилдөөчү болуп иштейт. БАУга чейин Бакытбек Токубек уулу USAID жана Европа Биримдиги тарабынан каржыланган долбоорлор боюнча эл аралык уюмдарда иштеп келген. Анын жарандык коом, жаштар иштери жана билим берүү тармагында тажрыйбасы бар.

**Дилбара Кирбашева** БАУнун МСБИде жаш изилдөөчү болуп эмгектенет. Дилбара Кирбашева макроэкономикалык талдоо жана тамак-аш коопсуздугу боюнча изилдөө иштерине кызыгат.

*Басылма Борбордук Азия университетинин Мамлекеттик саясат жана башкаруу институтуун (БАУ МСБИ) «Демилгелүү жаштар» долбоорунун алкагында даярдалды. Басылманы чыгаруу Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу америка элинин жардамы менен мүмкүн болду. «Демилгелүү жаштар» долбоору Кыргыз Республикасында жаштардын экономикалык жумуш менен камсыз болуусун жана жарандык катышуусун жакшыртууга багытталган. Долбоор Кыргызстандын тоолуу аймактарын өнүктүрүүнү колдоо программасы, Борбордук Азия университети, Коомдук ишкерлердин бирикмелери, IDEA CA (Борбордук Азиядагы Эл аралык билим берүү боюнча дебаттар) жана Accekerate Prosperity уюму тарабынан ишке ашырылып жатат.*

Автордук укук © 2020

Борбордук Азия Университети

Кыргыз Республика, Бишкек ш. 720001, Токтогул көч. 138

Тел.: +996 (312) 910 822, E-mail: ippa@ucentralasia.org

www.ucentralasia.org

Бул макаладагы изилдөөнүн жыйынтыктары, чечмелөөлөрү жана тыянактары авторлорго гана таандык жана Борбордук Азия университетинин, USAIDтин, АКШ өкмөтүнүн же КТКӨКП нын (Кыргызстандын тоолуу коомчулуктарын өнүктүрүүнү колдоо программасы) оюн чагылдырбайт. Макаладагы тексттерди жана маалыматтарды шилтеме берүү менен колдонууга болот.

## Мазмуну

**1. Киришүү** ..... 6

**2. Кийим тигүү тармагынын экономикадагы ролу** ..... 6

**3. Кыргызстандагы кийим-кеченин кошулган нарк тизмегинин баскычтары** ..... 11

**4. Кийим-кече тигүүчү ишканаларга мисалдар** ..... 13

4.1. Изилдөө усулу ..... 13

4.2. Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар ..... 13

4.3. Тигүү ишканаларынын жалпы көрүнүшү ..... 15

4.4. Кийим-кече тигүү тармагынын иштөө убактысы ..... 16

4.5. Кийим тигүү ишканаларындагы гендер маселеси ..... 17

4.6. Кийим тигүү тармагында иштеген жаштарга жетишпеген билим-көндүмдөр ..... 19

4.7. Жаштардын көндүмдөрү жана аларга болгон талаптар ..... 19

4.8. Жаш жумушчулардын негизги сабаттуулугу жана кесиптик өнүгүүсү ..... 22

4.9. Кийим тигүү тармагындагы жумушчу күчтүн мобилдүүлүк себептери ..... 23

4.9.1. Миграция ..... 23

4.9.2. Кийим тигүүчү ишканалардын шарттары ..... 24

4.9.3. Жумушчулардын эмгек акылары ..... 26

4.9.4. "Демилгелүү жаштар" долбоору жүрүп жаткан аймактардагы жаштардын эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүктөрү ..... 27

**5. Изилдөөнүн корутундусу жана сунуштар** ..... 30

## Сүрөттөр

1-сүрөт. Кыргыз Республикасындагы кийим тигүү тармагынын 2009-2018-жылдардагы өндүрүшү, экспорту жана иш орундары ..... 7

2-сүрөт. Кыргызстандын жалпы экспортунда тигүү тармагынын экспорттук үлүшү, % ..... 7

3-сүрөт. Кийим тигүү ишканаларынын облактар боюнча бөлүнүшү, 2018-жылдын маалыматы. ..... 8

4-сүрөт. Кыргызстандын кийим тигүү өндүрүшүнүн экспорту, млн, АКШ доллары менен ..... 9

5-сүрөт. Кийим-кече экспортунун түзүлүшү, млн, АКШ доллары менен ..... 10

6-сүрөт. Кийим тигүү тармагынын кошулган нарк тизмеги ..... 11

7-сүрөт. Кийим тигүүчү ишканаларындагы кийим-кечелерди өндүрүү процесси ..... 12

8-сүрөт. Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар ..... 14

9-сүрөт. Респонденттердин кларстер боюнча бөлүнүшү ..... 15

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

10-сүрөт. Бишкек шаарында Мадина базарынын тегерегиндеги кийим тигүүчү ишканалар ....16
11-сүрөт. Кийим тигүүчү ишканада кыз кездеме кесип жатат ....17
12-сүрөт. Оймо шырыган компьютердик станок ....18
13-сүрөт. Изилдөөгө катышкан респонденттердин билими тууралуу маалымат ....20
14-сүрөт. Ош шаарында заманбап жабдууларга ээ тигүүчү ишкана ....21
15-сүрөт. Араван шаарындагы чеберканалар ....24
16-сүрөт. Ош шаарында үйдүн астында жайгашкан ишкана ....25
17-сүрөт. Базар-Коргон районунун Правда айылындагы долбоордун катышуучулары ....28
18-сүрөт. Нарын шаарындагы долбоордун катышуучусу шейшеп тигип жатат ....29

## Акронимдердин тизмеси

| | |
|---|---|
| АӨБ | Азия өнүктүрүү банкы |
| AP | Accelerate Prosperity |
| ЕЭБ | Евразиялык экономикалык биримдик |
| GIZ | Германиянын эл аралык кызматташтык коому |
| IDEA CA | Борбордук Азиядагы эл аралык билим берүү боюнча дебаттар |
| МСБИ | Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту |
| MSDSP | Кыргызстандын тоолуу аймактарын өнүктүрүүнү колдоо программасы |
| КР УСК | Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети |
| КИБ | Коомдук ишкерлердин бирикмелери |
| ЧОИ | Чакан жана орто ишкерлер |
| БАЭ | Бириккен Араб Эмираттары |
| БАУ | Борбордук Азия университети |
| ЮСАИД | АКШнын эл аралык өнүктүрүү агенттиги |
| ДСУ | Дүйнөлүк Соода Уюму |

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

## 1. Киришүү

Эмгек рыногун жакшы түшүнбөстүк өлкөдөгү жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтүүгө тоскоол болуучу негизги фактор болуп саналат. Кыргызстандагы кийим тигүү тармагы туруктуу жумуш менен камсыз кылган негизги тармактардын бири. Бул тармак 2002-жылдан 2012-жылга чейин кыйла өнүккөн. Арийне, бул тармак ар кандай кыйынчылыктарга туш болсо да, өлкөдөгү жаштарга, анын ичинде аял затына ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүнү улантууда. Азыркы учурда тигүү тармагы негизинен Бишкек жана Ош шаарларында жумуш орундарын түзүп бергени менен, элет жеринде тигүү ишканалары ачылган эмес. Бул отчёт тигүү өндүрүшүндөгү кошулган нарк тизмегин жана өндүрүштүн ар кандай баскычтарында жаштарга жумуш орундарын түзүп берүүчү мүмкүнчүлүктөргө, анын ичинде, элет жеринде кийим тигүү тармагынын шарттарына басым жасайт. Отчёт кийим тигүү тармагынын азыркы кездеги шарттарын жана мүмкүнчүлүктөрүн талдоодон башталат.

Бул изилдөө ЮСАИД тарабынан каржыланган «Демилгелүү Жаштар» долбоорунун алкагында Борбордук Азия университетинин Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту тарабынан жүргүзүлдү. «Демилгелүү Жаштар» долбоору ЮСАИД тарабынан каржыланып, Кыргызстандын тоолуу аймактарын өнүктүрүүнү колдоо программасы (MSDSP KG), Борбордук Азия университети (UCA), Борбор Азиядагы эл аралык дебаттык билим берүү ассоциациясы (IDEA CA), Социалдык ишкерлер ассоциациясы (ASE) жана Accelerate Prosperity (AP) тарабынан ишке ашырылат. "Демилгелүү Жаштар" долбоору жаштардын жарандык, социалдык жана экономикалык жашоого активдүү жана оң багытта катышуусун колдоп, коомдо жана үй-бүлөдө ролунун өсүшүнө көмөктөшөт. Бул долбоордун алкагында долбоорго кирген аймактардагы жаштарга ишкерлик боюнча тренингдерди өткөрүп, кийим тигүү тармагында ишкердик кылган же ишкердик кылгысы келген жаштарды чакан гранттар менен камсыз кылды. Долбоордун алкагында жүргүзүлгөн изилдөөгө катышкан респонденттер бул басылмада «долбоордун катышуучулары» деп белгиленди.


## 2. Кийим тигүү тармагынын экономикадагы ролу

Кыргызстанда ички рыноктун чакан экендигин эске алганда, кийим тигүү тармагы негизинен экспорттордон көз каранды. Кыргызстандын бардык экспортторун алып көрсөк, кийим өндүрүшү алтын чыгаруу жана айыл-чарба өндүрүштөрүнөн кийинки үчүнчү орунда турат. Кийим тигүү тармагы экспортко чыгарган өндүрүш 2002-жылы 5.6 миллион АКШ долларынан 2012-жылы 156 миллион АКШ долларына көбөйгөн. Өндүрүлгөн товарлар 2015-жылы 41 миллион АКШ долларына түшүп, 2018-жылы кайрадан 2012-жылдагы калыбына келген (1-сүрөт). 2014-жылы мунайзаттын баасынын түшүп кетиши экспортторго таасирин тийгизип, валютанын наркы түшүүсүнө алып келген, жана Кыргызстандын товарларынын негизги сатып алуучулары – Россия жана Казакстан менен болгон соода-сатык төмөндөп кеткен. Кийим тигүү өндүрүшүнүн төмөндөшүнө Кыргызстан 2014-жылы Евразиялык экономикалык биримдикке (ЕАЭБ) киргенден кийин кийим тигүү тармагына керектелүүчү бардык материалдар алынып келчү Кытай тараптын экспортко карата бажы төлөмүнүн жогорулатышы да себеп болгон. Дүйнөлүк Соода Уюмунун (ДСУ) Борбордук Азиядагы жалгыз мүчөсү катары Кыргызстан импорттолгон товарларына төмөн тарифтерди төлөп келген. Кыргызстан ЕАЭБге мүчө болуп киришине байланыштуу кийим тигүү өндүрүшү 2015-жылы 11% га, 2016-жылы 15%га азайды. Акыркы жылдары тигүү тармагында өсүш

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.


байкалып, 2018-жылы ал өлкөнүн жалпы экспортунун 10,6% түздү (2-сүрөт).[1] Кийим тигүү тармагындагы ишкерлер импорттолгон кездемелерден көз каранды экени талашсыз жана алардын 70% Кытайдан, калгандары Түркия, Түштүк Корея жана Бириккен Араб Эмираттарынан келет.

### 1-сүрөт. Кыргыз Республикасындагы кийим тигүү тармагынын 2009-2018-жылдардагы өндүрүшү, экспорту жана иш орундары[2]




Маалымат булагы: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (КР УСК), UN Comtrade

### 2-сүрөт. Кыргызстандын жалпы экспортунда тигүү тармагынын экспорттук үлүшү, %




Маалымат булагы: КР УСК

1 С. Хасанова. Кыргызстандагы чакан жана орто ишкердикти өнүктүрүү жана аларды чөлкөмдүк жана дүйнөлүк кошулган нарк тизмегине бириктирүү. Төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.unescap.org/sites/default/files/Strenghthening%20competitiveness%20of%20SMEs_final_Russian%20version_Savia_0.pdf


2 Текстиль өндүрүшүнө кийим-кече жана бут-кийим кирет. Расмий маалыматта текстиль тармагында иштеген ишкерлердин канчасы патент менен иштей турганы бөлүп көрсөткөн эмес. Кийим-кечени экспорттоо HS2002 61 жана 62 коду боюнча трикотаж жана токулган кийимдер деп бөлүнүп эсептелген.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитетинин (УСК) 2018-жылдагы расмий маалыматына караганда Кыргызстанда кийим тигүүчү 112 ишкана болгон жана аларда 46,386 адам иштеген (Өнөр жайда иштеген адамдардын орточо жылдык санынын 33%). Иштеген адамдардын 90% аялдар түзгөн.[3] Тигүү ишканаларынын расмий саны 2009-жылы 149дан 2018-жылы 112ге азайган. Тигүү ишканаларынын көпчүлүгү, 58% Бишкек шаарында жана Чүй областында жайгашкан (3-сүрөт). 2018-жылы бул кластер кийим тигүү өндүрүмүнүн 84%ын түздү: Бишкек - 53% (72 млн. АКШ доллары), Чүй - 31% (43 млн. АКШ доллары).[4]

Тигүү өндүрүшүнүн 95% Россияга жана Казакстанга экспорттолот. Бишкек шаары жана Чүй областы Казакстандын чек арасына жакын болгондуктан, логистикалык артыкчылыкка ээ.[5] Андан тышкары, ири базарлар (дүң жана чекене соода түйүндөрү) жана соода борборлору Бишкек шаарында жайгашкан жана кийим тигүү ишкерлери менен бирдикте маанилүү экономикалык кластерди түзөт. Мындай абал жаңы технологияларды жана иш билгиликти жайылтууга жардам берип, натыйжалуулукту жогорулатат. Тарыхый жактан алып караганда, Советтер Союзу учурунда кийим тигүүчү фабрикалар (м.: Фрунзе, Ленин, Октябрдын 40-жылдыгы атындагы, Булгары заводу жана 8-Март фабрикалары) Бишкек шаарында жайгашкан. Мындай чоң фабрикалар Советтер Союузунун жоюлушу менен иштерин то тотуп, менчиктешилип кеткен. Андай чоң фабрикалардын азыр имараттары гана калып, алар да кийим тигүүчү кичинекей ишканаларга ижарага берилип кеткен.

**3-сүрөт. Кийим тигүү ишканаларынын областтар боюнча бөлүнүшү, 2018-жылдын маалыматы.**




Маалымат булагы: КР УСК

Кийим тигүү тармагында патенттин негизнде иштөөгө уруксат берилген. Бул ишкердикти атайын расмий каттоосуз, патенттин, негизинде салык төлөөгө мүмкүнчүлүк берет жана көп суммадагы салыктан болошотот. Кийим тигүү ишканалары жумушчулардын жана тигүүчү жабдыктарынын санына жараша патенттин негизинде өндүрүштүк салыкты төлөй алышат. Мисалы, эгер кийим тигүүчү ишканада 10 тигүүчү машина (же башка технологиялык жабдык) болсо, анда патенттин баасы 2,000 сомду түзөт. Эгерде жабдуунун саны 10дон көп болсо, анда кийинки дагы 10 машинага чейин ар бир машинага 1,000 сомдон

3 Кыргыз Реуспубликасынын өкмөтүнүн 2019-2022-жылдарга карата экспортту өнүктүрүү программасы

4 КР УСК. 2014-2018-жылдардагы өнөр жай


5 https://rus.azattyk.org/a/30192706.html

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

кошулат[6]. Демек, кийим тигүүчү ишканаларынын 90% патенттин негизинде иш алып барат[7]. Бул система көмүскө экономикадан көптөгөн чакан жана орто ишканаларды чыгарууга жардам берүүчү мүмкүнчүлүк болгон. Кыргыз өкмөтүнүн жакынкы маалыматына ылайык, Кыргызстанда расмий эмес иштеген 3,000дей тигүүчү ишкана бар жана алар 200,000ден 300,000ге чейин иш оруңдары менен камсыз кылышат[8]. Бул ишканалар чоң же кичине көлөмүнө карабастан, өндүрүмдөрүн Россияга жана Казакстанга экспорттошот жана бир аз гана бөлүгүн Кыргызстандын ичиндеги базарларга сатыкка чыгарышат.

Кыргызстандын экспорту Россиянын жана Казакстандын базарларындагы баанын төмөнкү сегментине багытталган.[9] Кыргызстандан өндүрүлгөн товарларды Россияда жана Казакстанда сатуу соодагерлердин, сатып алуучулардын же ортомчулардын жеке байланыштары аркылуу ишке ашырылат[10]. Кыргызстанда тигилген өндүрүштүн 90% Россияга жана Казакстанга экспорттолот. 2011-жылга чейин Россияга экспорт басымдуулук кылчу. Бажы биримдиги 2010-жылы түзүлүп, 2011-жылы иштей баштаган (мурунку ЕАЭБ). Ал учурда Кыргызстан Бажы биримдигине мүчө болбогондуктан, жаңы бажы тарифтерине дуушар болду. Ошол себептен 2012-2015-жылдары Кыргызстан экспортун Казакстанга бурууга мажбур болгон. Анткени ал кезде товарларын андан ары Россияга алып чыгууга Кыргызстандын Казакстан менен атайын эркин соода келишими бар болчу. Кыргызстан ЕАЭБге киргенден баштап, Россия кайрадан Кыргызстандын экспортунун негизги базарына айланды (4-сүрөт).

**4-сүрөт. Кыргызстандын кийим тигүү өндүрүшүнүн экспорту, млн, АКШ доллары менен**




Маалымат булагы: КР УСК

6 http://sti.gov.kg/docs/default-source/patent/%D0%B3%D0%BE%D1%80%D0%BE%D0%B4-%D0%B1%D0%B8%D1%88%D0%BA%D0%B5%D0%BA-2019-%D0%B3%D0%BE%D0%B4---%D0%BF%D1%80%D0%B5%D0%B4%D0%BF%D1%80.pdf?sfvrsn=2

7 http://www.inozpress.kg/news/view/id/54165

8 Кыргыз Реуспубликасынын өкмөтүнүн 2019-2022-жылдарга карата экспортту өнүктүрүү программасы. Макаладагы сандар эксперттер тарабынан божомолдуу көрсөтүлгөн жана Кыргыз Республикасынын экономикасына мүнөздүү болгон расмий эмес деңгээлдеги маалыматты эске алуу керек. Расмий статистика расмий катталган мекемелер боюнча көрсөтүлгөн.

9 Кыргызстандын тигүү тармагындагы соода жана экономикалык диверсификация боюнча көндүмдөр, Эл аралык эмгек уюму, 2012; төмөнкү шилтемеден алынды: https://www.ilo.org/wcmsp5/groups/public/---ed_emp/documents/publication/wcms_182791.pdf

10 Жеңиш, Н. (2014) Кыргызстандагы экспортко багытталган чакан жана орто ишкердик: Кийим тигүү тармагы. Борбордук Азия университети, Мамлекеттик саясат жана башкаруу институту, No. 26 доклад

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Кыргызстанда кийим тигүү ишканалары көбүнчө бардык жаштагы аялдардын жана эркектердин кийимдерин, анын ичинде ич кийимдерди да тигишет. Кээ бир ишканалар атайын формаларды, спорт кийимдерин жана токулган кийимдерди, мисалы, жемперлерди тигишет. Экспортко негизинен токулган кийимден башкасынын баары (кесип тигилген кийимдер) даярдалып келген. Бирок акыркы жылдары токулган (трикотаж) кийимдерди экспортко жөнөтүү да күч алып бара жатат. Токулган кийимди өндүрүү бир топ эмгекти талап кылат, ал эми трикотаж эмес кийим-кечелерди өндүрүү капиталды көп талап кылат.

### 5-сүрөт. Кийим-кече экспортунун түзүлүшү, млн, АКШ доллары менен




Маалымат булагы: UN Comtrade

Тигүү өнөр жайынын ишкердик үлгүсү арзан жумушчу күчүн пайдаланууга, салыктардын аздыгына (патенттин негизиде иштетөөчү ишканалар үчүн), жеңилдетилген рынокко чыгууга, салттуу базарларга жана сатуу каналдарына негизделген. Бул үлгү да жакында өз чегине жетиши мүмкүн. Эмгек акысынын төмөндүгү жана ишканаларда татаал шарттар жумушчулардын иштен кетишине, анын ичинде, чет өлкөгө миграциянын көбөйүшүнө алып келет. Мындай көрүнүш ишканаларда кесипкөй жумушчу күчүнүн азайышына себеп болот. Патент тутуму сунуш кылган төмөн салык тартибинде ишин уланта берсе, ишканалар кичинекей бойдон калып, натыйжада кенен экономикалык мүмкүнчүлүктөрдөн пайда көрө алышпайт. Андан тышкары, жаңы технологияларды инвестициялоо мүмкүнчүлүгү чектелүү болгондуктан, алардын иш өндүрүмдүүлүгү төмөн бойдон калып, ал эми алардын өндүрүмү кошулган нарктын төмөн коэфициентин сактап калат. Расмий статистика боюнча, тигүү ишканаларынын 60%и чакан, 30% орто жана 10% гана ири өндүрүш болуп эсептелет.[11]

Бул тармак өлкөнүн өнүгүүсүнүн жана экспорттун өсүшүнүн а тыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат.[12] Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн тигүү өнөр жайын өнүктүрүүнүн 2020-2023-жылдарга карата планында чоң-чоң долбоорлор каралган. Алардын ичинде

11 http://www.inozpress.kg/news/view/id/54165

12 2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана кен байлыктарын пайдалануу боюнча мамлекеттик комитети жетектеген жумушчу тобу 2020-2023-жылдары кийим тигүү тармагын өнүктүрүү программасын иштеп чыгууга киришти

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Чүй областында эки жана Ошто бир өндүрүш паркын түзүү сыяктуу бир нече маанилүү долбоорлор бар. "Жеңил өнөр жай" ("Легпром") Кыргызстандын Тигүү өнөр жай ишканалар ассоциациясы «Технополис» аттуу ири өнөр жай аймагы боюнча долбоорду иштеп чыкты. Бул долбоорго болжол менен 45 млн АКШ доллары сарпталып, 40 кийим тигүүчү ишкана уюшулуп жана 10,000 адам жумуш менен камсыз кылынат. Бул долбоорго Кыргыз өкмөтү 41 га жер бөлүп берген.[13]

## 3. Кыргызстандагы кийим-кеченин кошулган нарк тизмегинин баскычтары

Кыргызстандагы кийим-кеченин кошулган нарк тизмегин түзүү кийимди даярдоо процессинин бир нече баскычтан турат. Төмөндө 6-сүрөттө кийим-кеченин концепциясынан кардарлардын колуна тийгенге чейинки баскычтары көрсөтүлгөн. Бул сүрөттө кийим тигүү процессине ар түрдүү экономикалык агенттердин катышуусу жана алардын ролдору көргөзүлгөн. Кийим-кеченин кошулган нарк тизмеги кездемелерди алып келүү, дизайн/өндүрүшү, тигүү процесси, жабдыктар/тейлөө менен камсыз кылуу, дүң соода агенттери, чекене соода жана кардарларга жеткирүү баскычтары сыяктуу иш-аракеттерден турат.

**6-сүрөт. Кийим тигүү тармагынын кошулган нарк тизмеги**




Маалымат булагы: авторлор


Кыргызстандагы кийим-кеченин кошулган нарк тизмегинин катышуучулары кездеме менен камсыз кылгандар же Кытай менен Түркиядан кездемелерди импорттогон агенттерден башталат. Андан кийинки баскыч – дизайн жана өндүрүү. Бул баскыч жумушчу күчүн колдонуунун эң маанилүү учуру болуп эсептелет. Кийим тигүүчү ишкерлер даяр өндүрүмдөрүн экспортко жана ички базарга чыгарууга ниеттенишет. Кийим-кеченин кошулган нарк тизмегин тигүүчү жабдыктар менен камсыз кылгандар жана аларды оңдоо кызматын көрсөткөндөр улайт. Алар көбүнчө Мадина, Дордой жана Кара-Суу сыяктуу өлкөдөгү ири базарларда иш алып барышат. Өндүрүштү улай даяр кийим-кечелерди өлкөнүн ички жана тышкы базарларына таркатуучу соодагерлер түзөт. Кыргызстандан сырткары

13 http://www.inozpress.kg/news/view/id/54165

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

таратуучулар көбүнчө дүң соода агенттери болуп саналат жана алар Россия менен Казакстандын базарларына жеткиишет. Кийим-кеченин кошулган нарк тизмегиндеги ар бир баскыч акыркы өндүрүмгө экономикалык баа кошот. Бул изилдөө кийим тигүү өндүрүш баскычына басым жасайт. Анткени кийим тигүү өндүрүшү жаштарды жумуш менен камсыз кылуу маселесинде маанилүү роль ойнойт.

### 7-сүрөт. Кийим тигүүчү ишканаларындагы кийим-кечелерди өндүрүү процесси




Маалымат булагы: авторлор

Кийим тигүү процесси жана аларды жайылтуу бир нече баскычтан турат (7-сүрөт). Дүң соода агенттеринин же экспортчулардын Россияда мурдатан бери түзүлгөн байланыштары бар болот. Андан тышкары, алардын чоң базарларда, дүкөндөрдө же киосктордо чекене соода менен алектенген соодагерлери да бар болот. Кийим-кечени экспорттоо баскычы Россия менен Казакстандын көпчүлүк шаарларындагы мигранттардын карым-катнаштары менен тыгыз байланышта.[14] Адатта мигранттар базарда кандай суроо-талап бар экенин жакшы билишет. Көпчүлүк учурда дүң соодагерлердин же экспорттоочулардын өз кийим тигүү ишканалары бар жана алар өздөрүнүн дизайнерлери менен бирге иштеп, кездемелерди чогуу тандап, оймо-чиймелерди түшүрүшөт. Эгер өздөрүнүн тигүү ишканалары жок болсо, башкаларга буйрутмаларды беришет. Кээ бир учурда тигүү ишканаларынын өз дизайнелери бар жана алар кийимдердин жаңы үлгүлөрүн ойлоп таап, дүң соода агенттерине же экспорт менен иш алып баруучу кардарларга сатышат. Адатта, ар бир кийим тигүү ишканаларында бычмачылар жана технологдор бар, анткени алар тигүү процессинин бардык жагдайларын көзөмөлдөп турушат. Технологдор көбүнчө администратордун ролун аткарышат. Алар мектептен кийин кайсы бир окуу жайында билим алган жана кийим тигүү жагында көбүрөөк тажрыйбасы бар болушат. Технологдор негизинен бычмачылар, тигүүчүлөр, башка жумушчулар жана ишкананын ээси менен негизги байланышты түзүп турушат. Айрым учурда тигүү ишканасынын ээлери ар бир жумушчу менен өздөрү тыгыз иш алып барат.

14 Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик миграция кызматынын маалыматына ылайык, 2018-жылы Россияда 640,000 жана Казакстанда 35,000 мигрант болгон http://ssm.gov.kg/

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Технологдор ишканага жаңы жумушчуну алуу жана аларга эмгек акы төлөп берүү сыяктуу жоопкерчиликтүү жумуштарды аткарууда чоң ролду ойнойт. Кийим тигүү ишканаларында тигүүчүлөр эки топко бөлүнөт. Алар: негизги тигүү ишин аткарган 1-тигүүчү жана аз эмгек акы алып, жаңы үйрөнүп жаткан 2-тигүүчүлөр. Кээ бир кийим тигүү ишканаларында үтүктөө жана кийимдерди баштыктарга бүктөп салуу кызматын бир эле жумушчу аткарат. Чоң ишканаларда бул эки жумушту эки башка жумушчу аткарат. Андан кийинки баскычта курьер (же айдоочу) турат. Бул жумушчу кездемелерди алып келип, даяр кийимдерди кардарларга же агенттерге жеткирип берүү сыяктуу бардык жеткирүү логистикасын камсыз кылат. Көбүнчө чакан тигүү ишканаларында мындай жеткирүү логистикасын ишкананын ээси өзү эле аткарат.

## 4. Кийим-кече тигүүчү ишканаларга мисалдар

### 4.1. Изилдөө усулу

Кийим-кече тигүү тармагында жаштарга жумуш орундарын түзүп берүү маселесин тереңи түшүнүү үчүн, изилдөөгө бир нече кийим тигүүчү ишканалар мисал катары алынган. Кыргызстандын шаар жана айылдарынан, көлөмү боюнча чоң жана кичине кийим тигүүчү ишканалар изилдөөгө катышкандыктан, өлкөдөгү жалпы абалды алар жакшы сүрөттөй алышат. Изилдөө Кыргызстандын жети районунда жүргүзүлүп, жалпысынан 83 респондент катышты. Изилдөөнүн негизги максаты кийим-кече тигүү тармагында иш орундарынын, анын ичинде жаштар үчүн мүмкүнчүлүктөрдү, бул тармакта ишке орношууда жаштарга болуп жаткан тоскоолдуктарды жана кийим тигүүчү ишканаларда жумушчулардын тез-тез алмашуу себептерин аныктоо болуп саналат.

Бул изилдөөдө кошулган нарк тизмегин талдоо менен, чакан жана орто ишкерлердин арасында структуралык интервьюлар жүргүзүлдү. Респонденттер күн мурунтан эмес, улам кийинки респондент мурунку маек берген респонденттин сунушу менен тандап алынды. Изилдөө 2019-жылдын ноябрь жана 2020-жылдын февраль айларында жүргүзүлдү. Изилдөөчүлөр ушул айларда маалымат чогултуп келүү үчүн тандап алынган жети районго барып талаа иштерин жасап келишти.

### 4.2. Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар

Изилдөө Бишкек, Нарын жана Ош шаарларында, Кочкор, Араван, Базар-Коргон жана Сузак райондорунда жүргүзүлдү. Кийим тигүүчү ишканалар көбүнесе райондук борборлордо жайгашкандыктан, изилдөө негизинен ошол жерлерде өттү, бирок Базар-Коргон районундагы Беш-Бадам жана Правда айылдары да изилдөөгө катышты. Ошентсе да, жалпысынан көпчүлүк интервьюлар Бишкек жана Ош шаарларында жүргүзүлдү, анткени бул шаарларда кийим тигүүчү ишканалар башка райондорго салыштырмалуу басымдуулук кылат (8-сүрөт).


Изилдөөгө кийим-тигүү тармагындагы негизги алты кластерден респонденттер тандап алынган. Алар: кездемелерди камсыз кылуучулар (импорт менен иштегендер), өндүрүш ишканалары (бычуу, тигүү), жабдыктарды камсыздоо жана тейлөө, дүң соода агенттери (экспорт менен иштегендер) жана чекене соода кылгандар (9-сүрөт). Кээ бир кийим тигүүчү ишканалар кошулган нарк тизмегинде бир нече баскычты аткара алат. Мисалы, бир эле кийим тигүүчү ишкана кийимди даярдоодо өздөрү кийимдин дизайнын иштеп чыгып, аны тигип, Кыргызстандын ичинде жана сыртында аны сатат. Изилдөөгө катышкан 83 респон-

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

денттин 64ү аял, 41%ы жаштар, 31%ы тигүү ишканаларынын ээлери же администраторлору, 13% текстиль тармагындагы эксперттер жана 14% долбоордун катышуучулары болушту.[15]

Көпчүлүк тигүү ишканалары патенттин негизинде иштегендиктен жана көпчүлүк учурда расмий катталбагандыктан, изилдөөнүн талаа иштерин жүргүзүп жаткан учурда изилдөөчүлөр менен сүйлөшүүдөн баш тарткандар да көп болгонун белгилей кетүү керек. Кээ бир ишканалар изилдөөгө катышуудан баш тартышса, кээ бири жумушчуларына изилдөөгө катышууга мүмкүнчүлүк беришкен жок. Изилдөөгө катышуудан баш тартуу көбүнчө Бишкек шаарында болду.

**8-сүрөт. Изилдөө жүргүзүлгөн аймактар**





Булагы: авторлор

15 Бул макалада кийим тигүүчү ишканалары бар же жаңыдан баштагысы келген ишкерлер Долбоордун катышуучулары деп аталды. Анткени, алардын кээ бири «Демилгелүү жаштар» долбоорунун алкагында чакан гранттарды алышкан.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

### 9-сүрөт. Респонденттердин кларстер боюнча бөлүнүшү




Булагы: авторлор

## 4.3. Тигүү ишканаларынын жалпы көрүнүшү

Кийим-кече тигүү тармагы Бишкек шаарынын Мадина базарынын жана Ош областындагы Кара-Суу базарынын айланасында жакшы өздөштүрүлгөн. Кийим тигүү ишканаларына негизинен Кытайдан, бир аз бөлүгүн Түркиядан жана Өзбекстандан чыккан кездемелерди алып келишет. Кыргызстанда кийим-кече тигүү процесси кездемелерди бычуу, кесүү, бириктирип тигүү, топчу-сыдырмаларын тагуу, этикеткаларын чаптоо, үтүктөө, ар бир даяр кийимди атайын баштыкчаларга салып базар менен дүкөндөрдөгү кардарларга жеткирүү сыяктуу негизги иш-чараларды камтыйт. Кийим-кече тигүү өндүрүшүндө орус тилиндеги швейный цех деген сөз кеңири колдонулат жана бул изилдөөдө ал кийим тигүү ишканасы деп алынды. Кыргызстандагы тигүү ишканалары жумушчуларды жумушка алып жатканда кийим тигүү боюнча атайын окууну бүткөнүн талап кылышпайт. Эгерде кимдир бирөө кийим тигүү боюнча атайын курстарды окуйм десе кыска мөөнөттө жана арзан баада кесиптик лицейлерде же жеке окуу жайларында окуп үйрөнүп алса болот. Мындай окуу курстары бир айдан алты айга чейин (же андан да көбүрөөк убакыт) уланат, баасы 5,000 сомдон 10,000 сомго чейин болушу ыктымал. Көпчүлүк кийим тигүүчү ишканалар (адатта) жаштарды эч кандай атайын билими болбосо же тажрыйбасы жок болсо деле жумушка алып, алар бир жуманын ичинде өздөрү үйрөтүп алышат. Эгерде жаңы жумушчу бир жуманын ичинде кийим тиккенди үйрөнүп кетсе, анда ал атайын жумушка орношо алат. Эгерде ал адамдын тигүүгө эч кандай бир шыгы жок болуп үйрөнө албаса, анда аны жумушка алуудан баш тартышат. Кыргызстанда кийим тигүүчү ишканалар көп болгондуктан, мындай жумушту табуу да, жана жумуштан кетип калуу да оңой.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

**10-сүрөт. Бишкек шаарында Мадина базарынын тегерегиндеги кийим тигүүчү ишканалар**




Сүрөттүн булагы: авторлор

Бул изилдөө учурунда тигүү тармагын кездеме менен камсыз кылуучулар (импорт менен иштегендер), өндүрүш ишканалары (бычуу жана тигүү), жабдуулар менен камсыздоо жана аларды тейлөө, дүң соода агенттери (экспорт менен иштегендер) жана чекене соода кылгандар деген кластерлер так бөлүнбөгөнү аныкталды. Бир эле учурда кайсы бир кийим тигүүчү ишкана бир же андан көп кластердеги жумуштарды өзү аткарганы байкалган. Чакан жана орто кийим тигүү ишканалары да бирден көп жумуш аткарышат. Мисалы, бир эле ишкана өзү кездемелерди алып келип, бычып, тигип, базарларда өзүнүн соода ордунда сатышы мүмкүн. Өтө эле кичинекей ишкана же үйдө иштеген ишкерлер гана чоң ишканалардын ишин алып келип, кийим тигүүгө гана басым жасашы мүмкүн.

## 4.4. Кийим-кече тигүү тармагынын иштөө убактысы

Кийим тигүүчү ишканлардын иши жыл мезгилине жараша болот. Март айынан ноябрь айларына чейин жакшы «сезон», ал эми декабрдан февралга чейин «начар сезон» болот. Жакшы “сезондо” кийим тигүүгө көп жана чоң өлчөмдө сурамдар келип, даяр өндүрүмдүн өтүмү жогору болот. Начар “сезон» – кийим тигүүгө сурамадар жокко эсе жана өнүрүлгөн товардын өтүмү жок мезгил. Кийим тигүү ишканаларында жумуш менен камсыздоо да ушул сезондорго жараша болот. Кыргызстандын ички базарларына багытталган кийим тигүүчү ишканалар кыргыздын кемселдерин, чепкендерин жана калпактарын тигет жана алардын өтүмү күз айларындагы той-аш мезгилинде жогору болот. Кыш, жаз жана жай айларында башка кийимдерди тигүү менен алектенишет. Изилдөөгө катышкан респонденттердин айтымына караганда, кыргыз кийимдери кийүүгө ыңгайлуу гана эмес, белек катары тартуулаганга да жакшы. Күзгү той-аш учурунда тигүү ишканалары мындай кыргыз кийимдерин тигүүгө жетишпей жа калышат. Кыш айларында кийим тигүүчү ишканаларда жумуш жокко эсе. Көбүнчө кичинекей ишканлар ал мезгилде иштешпейт же аз гана сурамдар менен бир аз гана жумуш аткарышат. Күн жылыган сайын кардарлардан сурамдар көбөйүп, кийим тигүү ишканлары жандуу иштей башташат. Жаздын келиши менен бул ишканалар аяладардын кофта-көйнөктөрүн, спорт кийимдерин, балдардын

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

кийимдерин жана башка жеңил кийимдерди тиге баштайт. Көпчүлүк тигүү ишканалар жакшы “сезонду» пайдаланып, көбүрөөк сурамдар менен иштегенге аракет кылышат. Мындай учурда алар кардарлардын көп сурамдарын аткаруу үчүн көбүрөөк жумушчуларды ишке алышат. Респонденттердин айтуусу боюнча, көпчүлүк ишканалар мындай «жакшы сезон» учурунда жумушчуларды күнүнө эки иш убактысы менен менен иштетишет. Кыш келгенде экспортко иштеген көпчүлүк ишканалар электр, ижара жана башка чыгымдарын төлөгөндөн кыйналышат. Мындай учурларда тигүүчүлөр кичинекей ишканаларда иштеп, же сурамдарды үйгө алып убактылуу иштеп турушат.

## 4.5. Кийим тигүү ишканаларындагы гендер маселеси

Кыргызстанда кийим тигүү жумушу көбүнесе аялдарга тишелүү деген менен, бул изилдөөдө кийим тигүүчү ишканаларда эркектер да аз эместигин аныктады. Эркектер көбүнчө аялдар аткара албай турган оор жумуштарды жасайт. Андай жумуштарга, мисалы, эркектерден техникалык көндүмдөрдү талап кылган кездеме кесүү, үтүктөө, машинкаларды оңдоо, компьютердик жабдуу менен кездемеге оймо-чийме түшүрүү жана башка жабдыктар менен аткарылчу иштер кирет. Кийим тигүү ишканаларында аялдар негизинен тигүүчү болуп иштешет. Изилдөөгө катышкан ишканалардын ээлери менен администраторлорунун айтымында, жумушту аял же эркек аткарышынын айырмасы жок. Бирок салттык стереотип калыптанып калганына байланыштуу аялдардын саны кийим тигүү ишканаларында басымдуулук кылат. «Демилгелүү жаштар» долбоорунун тажрыйбасына ылайык, элет жеринде иш табуу маселесинде аялдардын оюна тикмечилик келсе, эркектердин оюна курулушта иштөө келет.

**11-сүрөт. Кийим тигүүчү ишканада кыз кездеме кесип жатат**



Сүрөттүн булагы: авторлор

Чындыгында кийим тигүүчү ишканаларда тигүүчү машинкаларды сатуу жана оңдоп тейлөө, кездемени атайын машинкалар менен кесүү, компьютердик станок менен кездемеге оймо-чийме түшүрүү сыяктуу эркектерди кызыктырган атайын жумуштар бар. Анткени андай иштерге кездемелердин оор түргөутөрүн көтөрүп, станокко салуу жана бузулуп калган шаймандарды оңдоо сыяктуу эркектин күчү керек болот. Ишкана ээлеринин айтымында, мындай оор иштерди аткарган жумушчулардын маянасы да башкалардыкынан жакшы.


© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Изилдөөгө катышкан бардык респонденттер кийим тигүүчү ишканаларда иштеген эркектер курулуш жумуштарында иштегенге караганда көбүрөөк акча таап, туруктуу жумуш менен камсыз болуп, ысык-суукта жылуу жерде иштей турганын белгилешти. Бычмачылардын жана кийим тигүүчүлөрдүн иши кездемеге оймо-чийме салган, айрыкча кыргыз кийимдерин тиккен, атайын компьютердик станок менен түшүргөн жумушчулардан көз каранды. Ушунун негизинде, бир ишкананын ээси материалдарды көбүрөөк жана тезирээк чыгарып, жана өз жумушчуларын туруктуу жумуш менен камсыз кылуу үчүн оймо-чийме түшүрчү компьютердик станокто иштеген эркек балдардын айлык акысына атайын кошумча акча кошуп берип, аларды шыктандырарын айтып берди. Кездемелерге оймо-чийме шырып түшүрүү иштин алгачкы кадамы болгондуктан, мындай компьютердик станокто иштеген жумушчулардын иши саны жана сапаты жагынан жогору болушу өтө маанилүү.

### 12-сүрөт. Оймо шырыган компьютердик станок



Сүрөттүн булагы: авторлор



Сүрөттүн булагы: авторлор

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

## 4.6. Кийим тигүү тармагында иштеген жаштарга жетишпеген билим-көндүмдөр

Изилдөө учурунда кийим-кече тигүү тармагында иштеген көпчүлүк адамдар жаштарга көндүмдөрдүн жетишсиздигин айтышты. Алардын сөзүнө караганда, кийим тигүүчү ишканаларда иштөө үчүн атайын көп тажрыйбанын деле кереги жок. Эгерде кимдир бирөө кийим-кече тигүү тармагында кесиптик жактан өрчүп, улантам десе, анда атайын билим жана көндүмдөр керек. Бирок ишканаларда иштеген көпчүлүк жаштар кийим-тигүү тармагын узак убакыт иштей турган жумуш катары баалашпайт. Изилдөөгө катышкан жаштар бул тармакта атайын билими болбогондуктан жана аны болочок кесиби катары карабагандыктан, айрым көндүмдөргө жана талап кылган атайын сапаттарга да көп көңүл бура беришпейт. Алар берилген гана тапшырмаларды аткаруу менен чектелишет. Мындай ишканаларда иштеген жаштар көбүнчө баарлашуу, ишкерлик, чет тилин, айрыкча орус тилин билүү сыяктуу көндүмдөрдөн аксап жатканын изилдөөнүн жыйынтыгы аныктады.


## 4.7. Жаштардын көндүмдөрү жана аларга болгон талаптар

Кыргызстанда көпчүлүк жаштар алгачкы жумушун кийим тигүүчү ишканалардан башташат. Орто жаштагы аялдар да жумушсуздуктун айынан кийим тигүү тармагында иштешет. Аталган тармакты көпчүлүк Россияга барып иштегендин альтернативдүү жолу катары баалашат. Изилдөөгө катышкан жаштардын көбү кийим тигүүчү ишканаларга келип иштегенге чейин бул тармакта атайын билими же тажрыйбасы жок болгонун айтты. Болгону, дизайнлерлер же технологдордун кийим тигүү же бычмачылык сыяктуу атайын билим болушу мүмкүн. Эгерде мурда кийим тигүү жагынан тажрыйбасы жок жумушчу келсе, ага биринчи топчу кадоо, үтүктөө, кийимдин чөнтөк-жеңдерин тигүү сыяктуу жеңил иштерди берип үйрөтүшөт. Качан гана тиккенди жакшы өздөштүргөндөн кийин технологдор аларга башкалардыкындай эле жумуштарды бере баштайт. Бирок, изилдөөдө интервьюга катышкан көпчүлүк жаштар кийим тигүү тармагында көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жана жакшы айлык табууга башка жол жок деп эсептешет. Бул жерде негизги маселе – кийим тигүү тармагында иштеген көпчүлүк жумушчулар кийим тиккенди эч жерде окуп билим албастан, өздөрү үйрөнүп алышкан. Анан калса, алардын күндөлүк иши кийим тигүүнүн бир же эки гана түрү менен чектелет жана аларга так тапшырамалар берилип турат. Изилдөөгө катышкан айрым жумушчулар интернетти колдонуп, өздөрү тигүүнүн башка жолдорун, компьютердик программалар менен дизайн түзгөндү жана кийимдин үлгүсүн (лекала) чыгарганды үйрөнүп алгандыгын айтышкан. Изилдөөгө катышкан жумушчулардын 27%ы (тигүүчүлөр, бычмачылар, үтүкчүлөр) педагогика, медицина, экономика, ишкердик ж.б.у.с тармактарда жогорку билими бар болуп чыкты (14-сүрөт). Изилдөөгө катышкандардын 23%ы кийим тигүү тармагында атайын жогорку билимге ээ болсо, калган 7%ынын гана кийим тигүү боюнча кесиптик билими бар экени аныкталды. Кыргызстанда кийим тигүүчү ишканаларда иштеген жумушчулардын кесиптик билиминин жоктугу негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат.[16]

16 2012, №1 жана Эл аралык бизнес консулунун башка сурамжылоолорун караңыз http://www.ibc.kg/en/publications/survey

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

**13-сүрөт. Изилдөөгө катышкан респонденттердин билими тууралуу маалымат**




Сүрөттүн булагы: авторлор

Кийим тигүүчү ишканалардын көпчүлүк ээлери жана администраторлору Кыргызстанда кийим тигүү, бычуу же дизайн боюнча окутуу программаларына жана сапаттарына сын көз караште экени аныкталды. Алардын оюу боюнча, жумушчулар үйрөнүп келген көндүмдү "жумуштан" деле өздөштүрүп алууга болот. Кээ бири азыркы учурдагы университеттер менен колледждер ишканаларга керектүү көндүмдөрдү үйрөтпөй жатат деген оюн айткан. Алардын пикиринде, азыркы окуу жайлар студенттерге теориялык гана жактан билим берип, практикалык ишке жакшы үйрөтүшпөйт. Мисалы, тигүүчү ишканаларга келген жаңы бүтүрүүчүлөр тигүү ыкмаларын кайра башынан үйрөнгөн учурлар көп кездешет. Изилдөөгө катышкан текстиль тармагында эксперттердин биринин оюу боюнча, айрым университеттер текстиль багылында окууну сунуштаган менен, аларда жетишерлик кийим тигүүчү машиналар, бычуучу атайын столдор жана башка жабдыктары жокко эсе. Андан тышкары, сапаттуу билим берүүгө мугалимдердин жетишсиздиги дагы айкын. Изилдөөнүн жыйынтыгында, кийим тигүүчү ишканалардын талабы менен окуу жайларда окутулуп жаткан программалар бири-бирине айкалышпай турганы маалым болду.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

**14-сүрөт. Ош шаарында заманбап жабдууларга ээ тигүүчү ишкана**



Сүрөттүн булагы: авторлор

Ош шаарында кийим-кече тигүү тармагын алдыга ийгиликтүү алып бара жаткан бир чакан ишкана бар экен. Анда 80 жумушчу эмгектенип, Россияга балдардын кышкы жылуу кийимдерин тигип чыгарышат. Бул ишкананын директорунун айтымында, ар бир жаңы жумушчу Россияда жайгашкан компаниянын катуу талаптарына жооп берүү үчүн сапаттуу тигүүнүн бардык ыкмаларын кайрадан үйрөнүп чыгышат. Жумушка жаңы киргендер адегенде тажрыйбалуу тигүүчүлөрдүн үйрөнчүгү боюуп, чөнтөк же жака сыяктуу кийимдин майда бөлүктөрүн тигүүнү өздөштүрүшөт. Ишкананын технологу жаңы жумушчуларга көз салып, билбегенин үйрөтүп турат. Эгерде алар белгиленген мөөнөттө эч нерсе өздөштүрө албаса, андан ары иштей алышпайт. Жаңы жумушчу мурда кандайдыр бир кичинекей кийим тигүүчү ишканада иштеген болсо да, баары бир ал кайрадан үйрөнүшү керектигин, анткени андай кичинекей ишканаларда заманбап машинкалар же жабдуулар жоктугун ушул ишкананын директору айтып берди. Аталган ишкана 2019-жылы Россиянын чоң компаниясы менен узак мөөөткө келишим түзгөнгө жетишкен. Орусиянын компаниясы келип бул ишкананы тандаган себеби, бул ишканада эсепчиси, сапатты текшерүүчү адамдары, техникалык жумушчулары сыяктуу талапка жооп бере турган бардык шарттары бар болгон. Бул ишкана чыгарган кийим-кечелер Россиянын компаниясы койгон жогорку сапат талаптарына жооп берип, өндүрүмдү өз убагында жеткирип турушу керек эле. Бул ишкана Ош шаарында жайгашса да, Аталган чет элдик компанияга балдардын заманбап кийимдерин тигип, Кыргызстандын булуң-бурчтарынан да курткаларды, костьюмдарды, формаларды жана башка кийимдерди чыгарып, өлкөдөгү кийим тигүү тармагын жаңы жана жогорку деңгээлге чыга алды.

Текстиль тармагында иштеген эксперттер Кыргызстандан чыгып жаткан кийим-кечелердин сапаты төмөн жана алар арзан баада сатылып жатканын белгилешти. Алардын ою боюнча, азыркы учурда көпчүлүк кийим тигүүчү ишканалар кыска убакытта кийим чыгарып, пайда көрүүнү максат кылышат. Алар Кыргызстанда текстиль тармагына узак убакытка стратегиялык план иштелип чыгып жана сапаттуу кийимдер өндүрүлсө, бул тармак өнүгүп кетерин айтып беришкен. Мындай максатка Кыргызстандагы кийим тигүүчү

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

ишканалар иш билген жана тажрыйбалуу тигүүчүлөрдү көбүрөөк жумушка алып, сапаттуу кийимдерди тигүү менен жетери талашсыз.

### 4.8. Жаш жумушчулардын негизги сабаттуулугу жана кесиптик өнүгүүсү

Негизги сабаттуулукка жумушта ийгиликке жетүү үчүн талап кылынган – жакшы баарлашуу, жаңы шартка тез көнүп кетүү, ийкемдүүлүк, ички ниет-түрткү, командада иштей билүү, көйгөйлөрдү чечүү, демилгелүүлүк, жоопкерчиликти сезе билүү, компьютердик жана маалыматтык сабаттуулук сыяктуу инсандык мүнөздөмөлөрдүн жыйындысы кирет. Ушуларды эске алганда, изилдөөгө катышкан кийим тигүүчү ишканалардын ээлери жана администраторлору жаш жумушчуларда жогоруда айтылган сабаттар жетишсиз экенин белгилешкен. Ошол эле учурда, алар жумушчулардын сабатын кантип жогорулатуу керектигин билишпейт. Алардын эч кимиси жумушчуларынын сабатын өнүктүрүү үчүн ар кандай тренингдерди өткөрүү тууралуу ойлонушкан эмес. Болгону, Ош шаарындагы кийим тигүүчү ири ишканалардын биринин директору жумушчуларынын сабатын арттырууга кам көргөн. Жумушчулардын өз ара мамилелерин жакшыртуу максатында диний көз караштагы аял кишини алып келип, жумушчу кыздарга адамдардын ортосундагы мамилелер тууралуу тренинг өткөргөн. Ал тренинг жумушчулар оротосундагы ынтымак, сый-урмат жана бирге ишешүү боюнча болгон. Мындай тренингден кийин ишкананын директору жумушчулар ортосундагы мамилелер жакшы жакка өзгөргөнүн байкаган. Жогорудагыдай тренинг-программалар канчалык натыйжалуу, арзан жана маанилүү экенин ишканалардын директорлору же ээлери билип, иш жүзүндө өздөштүрмөйүн, жумушчулардын негизги сабаттулугун өнүктүрүү мүмкүн эмес. Ишкана ээлери жумушчулардын кесиптик жактан өнүгүүсүнө көп көңүл бурушпайт. Жогоруда сөз болгон Ош шаарындагы Россияга кийим тигип экспорттоочу ишкана гана жумушчулардын кесиптик өнүгүүсү маанилүү экенин айтып, бирок ал да эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган башкаруу, убакытты туура пайдалануу сыяктуу тренингдерге администраторду, технологдорду же директорлорду катыштыруу менен гана чектелген.

Жумушчулар өз кесиптик көндүмдөрүн жана тажрыйбаларын өнүктүрүүгө көп кызыкдар болбогону алар келечекте кереги жок деп эсептегенинде. Изилдөөгө катышкан көпчүлүк респонденттер өздөрүнө берилген гана тапшырманы аткарып, башка жоопкерчиликти өз моюндарына алгысы келбегенин айтышкан. Буга мисал, Ош шаарынын бир ишканасы бир жумушчусун Бишкек шаарына кийимдин үлгүсүн (лекаласын) компьютерде иштеп чыгуу боюнча курска жөнөткөн. Ал жумушчунун курсу үчүн ишкана 3,500 АКШ долларын короткон. Бирок жумушчу Бишкекке барып, курска катышпастан көңүл ачып жүрө берген. Кийим тигүү тармагында жумушчулар тез-тез иш которуп кете берүүсү алардын жоопкерчиликти сез бестигинен экенин изилдөөдө билинди. Аталган ишкананын директору мындан ары жумушчуларын жибербестигин, андан көрө, өз балдарын же туугандарын жиберип окутуп алса, алар эч жакка кетпей иштеп берерин кошумчалады.

Изилдөөгө катышкан ишканалардын жумушчулары өзүнө жоопкерчилик алууну көп каалабаганы айкын болду. Мисалы, дагы бир ишкана ээси айтымында, анда азыркы учурда технолог жок экенин, бардык уюштуруу иштерин өзү алып барарын айтып берген. Анткени анын жумушчуларынын ичинен эч ким технологдун жоопкерчилигин алгысы келбейт. Себеби технолог башкалардын иштерин карап, кемчиликтерин айтып, көзөмөлдөп туруушу керек жана жумушчулардын эч кимиси андай жоопкерчиликти алып, башкалар менен мамилелерин бузгулары келбейт.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Жалпысынан алганда, адамдардын арасында мамилелер боюнча кесиптик сабаттуулук ишканалардагы бардык жумушчуларда, анын ичинде технологдор менен ишкананын ээлеринде да жетишсиз. Болгону, жумушчулар күндөлүк өндүрүштү көбүрөөк чыгарганга аракет кылып, көбүрөөк акча тапканга кызыгышат. Азыркы учурда кийим тигүү тармагында иштеп жаткан жаштар жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүгө көп көңүл бурушпайт. Негизги сабаттуулук көндүмдөрүнө ээ болуу, албетте, кандай гана жумушка болбосун киргенде жаштарга бир аз атаандаштык артыкчылыктарын берет. Анткени алар өз ордун табуу, өсүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонууга жана иш ордунда көтөрүлүү пландарын түзүүгө мүмкүнчүлүк алышат.

## 4.9. Кийим тигүү тармагындагы жумушчу күчтүн мобилдүүлүк себептери

Изилдөөгө катышкан жаштар кийим-кече тигүү тармагынын келечеги бар экенин жана бул тармакта иштегенди уланта берерин айтышкан. Бирок жалпысынан алганда, аларда мыкты эмгек шарттарды жана иш ордунда өсүү келечегин сунуш кылган ишканаларды кантип табуу керектиги жөнүндө жетиштүү маалымат жок. Андан тышкары, ишкердик боюнча алардын билим деңгээли өз жашаган жери менен гана чектелүү. Кыргызстан боюнча ишканалардагы ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү өз ара алмашуу боюнча кандайдыр бир платформа болсо, жаш жумушчулар үчүн жакшы болмок. Изилдөө учурунда респонденттер эмне себептен кийим тигүүчү ишканаларда ишти тез-тез алмаштырууга үч негизги себепти белгилешти:

– Миграция: Кыргызстанда шаар жана айыл жеринде жумушсуз адамдар көп жана жаштар жакшыраак жумуш мүмкүнчүлүктөрүн издешет.
  Иш шартынын начардыгы: кыш мезгилинде да жертөлөлөрдө жайгашкан муздак ишканалар, жайдын ысыгында кондиционери жок үп имараттын ичи, аба алмашпаган имараттын ичи (кездемелердин кесиндилери, чаң ж.б.)

– Эмгек акысынын аздыгы: кийим тикмечилердин керектүү көндүмдөрү жок болсо, аз акы алышат жана ишкана маяналарын кеч төлөгөн учурларда, жумушчулар башка иш табууга аракет кылышат.

### 4.9.1. Миграция

Изилдөө учурунда кийим тигүүчү ишканаларда эмгектенген жаштардын миграцияга көп кетип жатканы байкалган. Миграциянын бирден бир себеби, жаштар Бишкекте, Ошто, Россияда же Казакстанда мурда барып иштеп жаткан тууган-туушкандарына барып кошулуп иштеши. Мындай туугандык байланыш жаңы барган жумушчуларга жакшыраак иш мүмкүнчүлүктөрүн тапканга жардам берет. Респонденттер Бишкекке же Россиянын Новосибирск шаарына барууга сарпталган акчалары бирдей экенин белгилешкен. Россияга барган мигранттар Кыргызстандан барган чоң диаспорага кошулуп, эбак түзүлгөн байланыштарды колдоно алышат.

Жаштардын миграцияга кетүүгө аракет кылышынын дагы бир себеби, алар эч кимден көз каранды болгулары келбегени жана үй-бүлөлөрүндөгү чыр-чатактан же түшүнбөстүктөрдөн алыс болууну каалагандыгы. Айылда жумушсуз отурган кээ бир жаңы үйлөнгөн жаш жубайлар ата-энелеринен каржылык жактан көз каранды болгусу келбегендиктен Россияга барып иштеп келүүнү туура көрүшөт. Чынында, кийим тигүү тармагы өкмөттүк жумушка, ооруканаларга же мектептерге иштегенге караганда, көбүрөөк маяна берери талашсыз, бирок Россияда иш мүмкүнчүлүктөрү Кыргызстанга караганда алда канча жакшы болуп, көп жаштарды азгырат. Миграциянын кийим тигүү тармагына тйигизген таасирлери-

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

нин бири Кыргызстанга кайтып келген жаштар техникалык билим, жөндөмдөрдү, жана тажрыйбаларды топтой келишет. Россияда кээ бир мигранттар ар кандай кийим тигүү ишканаларында иштегендиктен, Кыргызстанга келгенде жумуш табуу анча кыйынчылык жаратпаганын айтып беришти.

Эгерде айыл жерлериндеги кийим тигүүчү ишканаларды жакындан алып карасак, жаштар үчүн миграция эмне үчүн жалгыз гана вариант экенин түшүнөбүз. Ош областында Араван районунда чоңураак кийим тигүүчү ишканалар жок. Ал жерде кийим тигүүчү же кийим оңдоочу жайды чеберкана деп аташат. Араван шаарчасынын негизги чоң базарында саналуу гана чеберканалар бар. Алларда бир же эки гана тигүүчү машина бар. Чеберкананын ээлери адатта үйрөнчүк жаш кыздарды жумушка алышат. Аталган шаарчада чеберканалардын ичинен бирөө гана атайын сурам менен кийим тиксе, калганын баары кийим оңдоо сыяктуу кызмат көрсөтөт. Ал ишканада бештен ашык тигүүчү машина бар жана кардарлар келип кийим тиктирип кетишет. Аравандын базарында жайгашкан чеберкана ээлери үйрөнчүк кыздарга кийим тигүү ыкмаларын алты айга жакын үйрөтүшөт. Бул көбүнчө акысыз, анткени үйрөнчүк кыздар адатта туугандарынын кыздары. Алты айда кийим тиккенди үйрөнгөн кыздар Бишкекке же Россияга жакшыраак иш издеп кетишет.

**15-сүрөт. Араван шаарындагы чеберканалар**




Сүрөттүн булагы: авторлор

### 4.9.2. Кийим тигүүчү ишканалардын шарттары

Изилдөөгө катышкан чоң же чакан кийим тигүүчү ишканалардын көбү чоң үйлөрдүн алдындагы муздак жана терезеси жок караңгы жертөлөлөрүндө орун алган. Кээ бир ишканалар совет мезгилинен калган чоң завод-фабрикалардын имараттарында жайгашкан. Аларга

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

мисал: Бишкек шаарындагы Фрунзе, Ленин, Октябрдын 40 жылдыгы атындагы, Булгары заводу жана 8-Март фабрикасы ж.б. ишканалардын имараттары. Ушундай чоң фабрикалардын имараттарында кыркка жакын майда кийим тигүүчү ишканалар ижарага орун алып иштешет. Алардын да шарттары жакшы эмес экени билинип турат. Негизинен, мындай чоң имараттарда да жайкысы өтө ысык же кышкысы муздак. Үйлөрдүн алдында жайгашкан жер төлөлөрдө терезелери жок, караңгы, астынан сыз өткөн муздак шарттарда да кийим тигип иштешет. Ош шаарында бир ишкананын жумушчусу ишкана ээси жакшыраак шарт түзүп бербегендиктен жумушчулар өздөрү жылыткыч сатып алгандыгын айтып берди. Жумушчуларга керектүү мындай жакшы шарттардын ишканаларда жоктугу жумушчулар үчүн билинбегендей, жана изилдөөгө катышкан респонденттердин эч кимиси мындай начар шарттарга нааразычылык билдирбеди. Анткени толук жана өз убагында айлык акыларын алып туруу аларга эң негизги жана маанилүү маселе.

Ишканалардын жайгашкан орду көпчүлүк жумушчуларга маанилүү экенин изилдөөдө респонденттер айтып беришти. Анткени кийим тигүүчүлөрдүн көпчүлүгү балалуу аялдар жана алардын иштеген жери мектепке же бала бакчага жакын болсо, ошол иш ордунда көпкө кармалары белгилүү болду. Кээ бир ишканалар жаш балалуу жумушчуларга балдарын жумушка алып келип иштегенге уруксат беришет жана мындай чечимдер балалуу аялдар үчүн өтө маанилүү.

**16-сүрөт. Ош шаарында үйдүн астында жайгашкан ишкана**



Сүрөттүн булагы: авторлор

Жумушчуларга жакшыраак шарт түзүп берүү менен ишкердигин өнүктүрсө болот экенине көпчүлүк ишкана ээлери ишене беришпейт. Алардын оюу боюнча, жумушчулардын айлык акыларын өз убагында берсе жетиштүү болот. Жумушчуларга жакшы шарттарды түзүп берүү маселеси боюнча Ош шаарындагы жогоруда сөз болгон бир ишкана башкаларга үлгүлүү иштерди алып барат экен. Ал үч кабаттуу заманбап имаратта жайгашкан. Башкалардыкындай полу цемент эмес, жыгач төшөлгөн. Дубалдарда жылыткычтар жана кондиционерлер илинип, ысык жана муздак суусу бар жуунучу жай, ар бир жумушчуга өзүнчө шкаф жана намазкана салынган. Бул ишкананын иш убактысы эртең мененки саат 9:00дөн кечки 6:00гө чейин. Эгерде кимдир бирөө дагы көбүрөөк иштегиси келсе, кечки саат

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

8:00гө чейин гана иштөөгө болот. Андан башка ишканалар да жумушчуларына жакшыраак шарттарды түзүп берүүгө аракет кылышкан учурлар да айтылган. Мисалы, Ош шаарынын чет жакасында жайгашкан бир ишкана маршруткаларды жакынкы көчөлөрдөн жүргүзүүгө аракет кылган, бирок ийгилик болгон эмес. Ал гана турсун, ушул эле ишкана түшкү тамакты бекер берүүгө аракет кылган, жумушчулар өздөрү сатып жей алгыдай чакан ашкана салып берип жана жумушчулардын чөнтөгүнө жараша арзан тамактарды саттырууга кам көргөн. Бирок, жалпысынан алганда, кийим тигүү тармагында жумушчуларга жакшы шарттар жок экени жана алар негизинен арзан эмгек күчүн колдонууга аракет кылганы айкын болду.

### 4.9.3. Жумушчулардын эмгек акылары

Кыргызстанда башка эмгек рыногуна салыштырмалуу кийим тигүү тармагында эмгек акысы жакшыраак экени шексиз. Өкмөттүн берген расмий статистикасына караганда айлыктары алда канча жогору экенин изилдөөнүн респонденттери тастыкташты. Бирок бул маалыматтар өлкөдөгү жумуш менен камсыз болуу менен байланышта. Кыргызстанда иштеп жаткан адамдардын 13%ы ишкердик тармакында расмий келишим менен иштейт жана 17%ы өкмөттүк жумуштарда эмгектенет. Иштегендердин калаган 70%ы патент тутуму сыяктуу расмий эмес жумуштарда жана фермердик жумуштарда эмгектенет.[17] Кийим тигүү тармагында жумушчулар маяналарын бир айда эки жолу алышат. Бардык башка жумуштарда жумушчулар акчаларын айдын аягында гана ала алышат. Ишканада иштеген жумушчулар тигип чыгарган өндүрүмүнө жараша акча алышат. Канчалык көп кийим тиксе, ошончолук акчасы да жакшы чыгат. Респонденттердин айтымында, айлык акы алар тиккен кийимдин оор-жеңилине карата да бөлүнөт. Эгерде кийим тигүүгө оор болсо же бир нече катмардан турса, анда анын акчасы да көбүрөөк болот. Жайында жакшы сезон учурунда жакшы тиккен тикмечи айына 730-850 АКШ долларын таба алат. Сезон начар учурунда алардын айлыктары 350-600 АКШ долларына түшүшү мүмкүн. Бычмачылар айына 850-1,000 АКШ долларын таба алат. Үтүкчү айына 430 АКШ долларын, ал эми топчу кадаган жана баштыкка кийимдерди салып иштеген жумушчу айына 260 АКШ долларын табышы мүмкүн. Кээ бир ишканаларда кездемеге оймолорду шырып түшүрүү компьютердик станок аркылуу ишке ашат жана буга адатта эркек балдарды алышат. Бул балдардын айлыктары айына 1,000 АКШ долларынын тегерегинде болот. Аталган эмгек акылары Бишкек, Ош жана Чүй облустарына таандык жана башка райондордо бул көрсөткүч башкача болушу ыктымал.

Айыл жеринде жайгашкан ишканалардын маяналары төмөн болушу мүмкүн жана ал ишкананын ийгиликтүү иш алып барышына жана көлөмүнө да жараша болот. Андан тышкары, анда иштеген жумушчулардын көндүмдөрүнө, бир күндө иштеген саатына жана сезонго жараша болот. Алар Ош жана Бишкектегидей айлык акы алуу үчүн күнүнө кеминде 13-14 саат тынбай иштеши керек болот. Мындай көп саат иштөө көпчүлүк үчүн кыйын, бирок алар начар сезондогу жумушсуздукту эске алып, жакшы сезондо иштеп көбүрөөк акча таап алууга аракет кылып, андай кыйынчылыктарга көз жумуп иштешет.

Нарын, Сузак, Базар-Коргон жана Кочкор сыяктуу алыскы райондордогу кийим тигүү ишканаларынын айлык акылары Бишкек жана Ошко салыштырганда кыйла эле аз. Мисалы, эгерде кийимдин бир бөлүгү Бишкекте 2 АКШ долларына тигилсе, алыскы райондордо ал 1 АКШ долларына тигилет. Андан тышкары, кийимдерди жеткизүүгө кеткен чыгым да тигүүчүлөрдүн маянасынан кармалат. Шаардан алыс болгондуктан, сурамдарды алып тигүү жумушчулар үчүн кыйла эле кыйынчылыктарды туудурат.

17 Stats.kg

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Кийим тигүү тармагы мугалимдердин же доктурлардын айлык акыларына караганда жакшыраак маяна бергени менен, кээ бир кичинекей ишканалар пайда көрүп жумушчуларына акчасын төлөгөнү келгенде кыйынчылыктарга кабылышат. Мындай көрүнүш айрыкча кышкы убактагы начар сезонго таандык. Кичинекей ишканалар да дүң соодагерлерден жана башка агенттерден көз каранды. Кошулган нарк тизмегиндеги өнөктөштөрдүн өз убагында акча төлөбөшү ишкананын жумушчуларына маяна кечиктирип берилишине да таасирин тийгизет. Бирок бардык эле кийим тигүү ишканалары жумушчуларынын акчаларын кечиктирбей өз убагында төлөп, жумушчуларын кетирип албаска аракет кылганы менен, кээ биринин андай шарттары жана мүмкүнчүлүктөрү да жок болуп калат.

Каржылык кыйынчылыктарга кабылган кээ бир жумушчулар жакшыраак маяналуу иш издеп кетүүгө мажбур болушат. Кийим тигүү тармагындагы жумушчулар ар дайым кайсы ишканада кандай мүмкүнчүлүк бар экенине назар салып турушат. Мисалы, Ош шаарындагы ишканаларда тегерегиндеги башка ишканаларга караганда кийим тикkенге 10-20 сомго көбүрөөк төлөсө, жумушчулар ошол ишканада иштегенге кызыгат. Чакан ишканалар жумушчуларды, айрыкча тажрыйбасы бар кызматкерлерин кармап калуу үчүн жана өндүрүштүн керектүү санын жана сапатын камсыз кылуу үчүн чоң ишканалар менен атаандашып, алар сунуштаган маянаны да сунушташы керек болот.

### 4.9.4. “Демилгелүү жаштар” долбоору жүрүп жаткан аймактардагы жаштардын эмгек рыногундагы мүмкүнчүлүктөрү

“Демилгелүү жаштар” долбоору жаштарга ишкерлик боюнча тренинг өткөрүп, андан кийин жакшы конкурстун жыйынтыгы менен саналуу гана жаштарга ишкердигин баштоо үчүн чакан грант берген. «Демилгелүү жаштар» долбоорунун тренингдерине катышкан, өз ишкердигин баштоого же өнүктүрүүгө чакан грант алган катышуучуларды да интервьюга тартуу изилдөөнүн бир максаты болчу. Мындай тренингдерге жана чакан грант мүмкүнчүлүгүнө түз же кыйыр катышкан катышуучулар Базар-Коргон, Сузак, Кочкор райондору, Нарын жана Ош шаарларынан болушат.

Интервью учурунда долбоордун катышуучулары ушундай алыскы райондордо жаштарга, айрыкча аялдарга жумуш орундарын түзүп берүүчү ишканаларды ачуу керектигин баса белгилешти. Ушунун негизинде, тигүү тармагы жумушсуздарды иш менен камсыз кылуунун бирден бир жолу экени белгилүү болду. Ишкердикти өнүктүрүү, компьютерде иштей билүү, эсеп-кысап боюнча, андан тышкары тигүү, кийимдин дизайнын түзүү, кездеме кесүү, кийимдин үлгүлөрүн жасоо сыяктуу кесиптик көндүмдөрдү үйрөтүүчү тренингдерди уюштурса, жаштар эмгек рыногунда жумушту оңой табуусуна жол ачылмак. Бирок, кийим тигүү тармагы шаар жерлеринде гана жакшы өнүккөндүктөн, мындай мүмкүнчүлүктөр айылдарда жокко эсе.

Айыл жеринде жумушсуздуктун саны өтө жогору. Изилдөөгө катышкан бардык респонденттер кийим тигүү тармагы көбүрөөк адамдарды, айрыкча аялдарды жумуш менен камсыз кыла ала турганын айтышкан. Айылдагы аялдар, айрыкча Кыргызстандын түштүк аймактарында жашагандар көбүнчө үй жана талаа жумуштары менен алек. Аялдарга ылайык расмий жумуштардан мектептер жана ооруканалар гана бар, бирок ал жерде да жумуш орундары бош эмес. Айылдарда аялдарга сунуш кылына турган көп деле иш жок. Ошондуктан кийим тигүү тармагы өнүксө, айыл жеринде көп адамдар жумуш табууга мүмкүнчүлүк алышмак.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

**17-сүрөт. Базар-Коргон районунун Правда айылындагы долбоордун катышуучулары**



Сүрөттүн булагы: авторлор

Кийим тигүү үчүн расмий окуунун же кымбат акча төлөөнүн кереги жок. Айыл жеринде көпчүлүк аялдар тикмечиликти өз апаларынан, чоң эне, таене же башка туугандарынан үйрөнүшөт. Респонденттердин айтымында, кийим тиккенди бир жуманын тегерегинде билип алса болот. Тилекке каршы, айылдарда тикмечиликти окута турган жайлар жок. Союз учурунда тикмечиликти окуган аялдар азыр кийим оңдоочу чеберканаларды ачып же Бишкек жана Ош шаарларынан үйлөрүнө сурагандарга кийим тигип жатканын изилдөөгө катышкан респонденттер айтып беришти. Долбоорго катышкан аялдар кийим тигүүчү ишканалар айылдарда көбүрөөк ачылып, көп аялдарга иш берилерине үмүт кыларын белгилешти.

Жалал-Абад областынын Сузак районунда жашаган респондент бул долбоордон көп нерсе үйрөнгөнүн айтып берди. Ал долбоордун алкагында тикмечиликти жана сайма саюуну аялдарга үйрөтүү үчүн чакан грант алган. Бир айдын ичинде ал 13 аялды жана 2 эркек кишини окутуп чыгарган. Азыркы учурда андан окугандар кийим тигүүчү ишканаларда иштеп, кээ бири үйлөрүндө сурамдарды алып иштеп жатышат.

Долбоордун дагы бир катышуучусу Жалал-Абад областынын Базар-Коргон районунан болот. Ал долбоордун жардамы менен 4-5 аялга бир айда тикмечиликти, бычмачылыкты, сайма сайганды, курак кураганды, балдардын көйнөктөрүн жана шейшеп тиккенди окутуп үйрөткөн. Бул респондентке «Демилгелүү жаштар» долбоору кийим тигүүчү машина,

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

чыраштагыч жана кесиптик үтүк сатып алганга жардам берген. Окууга келип үйрөнгөн аялдар көбүнчө кайната-кайненелери менен тургандыктан, күндөлүк жашоо менен гана алек болуп келишкен. Эми окуп үйрөнгөндөн кийин, бир аз да болсо кийим тигип иштеп калганын айтышат. Респонденттер ушул долбоор токтоп калбастан, башка дагы жумушсуз отурган көп аялдарды окутуп үйрөтсө деген оюн билдиришет. Долбоордун жардамы менен тренингге катышкан аялдар окуу ушуну менен эле токтоп калбай, компьютер же эсеп-кысап боюнча да көндүмдөргө үйрөтсө деп үмүт кылышат. Сузак районун Карачай айылында жашаган дагы бир долбоордун катышуучусу азыркы учурда беш аялды иш менен камсыз кылат. Ал интервью учурунда үч башка сурам менен иштеп жатканын айтып, ишкердиги өсүп жаткандыктан, эсеп-кысап боюнча окуп үйрөнгүсү келе турганын билдирген.

Респонденттердин айтымдарына караганда, айыл жеринде кездеме жана ылайыктуу жабдуулар да жетишпейт. Мисалы, айылдардагы ишкана ээлери кездеме же башка шаймандарды алуу үчүн Кара-Суу базарына же Бишкектеги Мадина базарына барышы керек. Жолго кеткен чыгым да өндүрүшкө кеткен чыгым деп эсептелет. Кара-Суу базарында кездеменин көп түрү же түсү жок экенин бир респондент байкагынын айтты. Ошондуктан көбүнчө ишкерлер Мадина базарына Кыргызстандын бардык аймактарынан келип алып кетишет. Долбоордон жардам алган катышуучулар мурда эски, сапаты начар машина менен тигип жана жөнөкөй эле үтүктөрдү колдонуп келгендерин айтып беришти. Алар эми мындан ары кесиптик машиналар, үтүктөр жана башка шаймандар менен эмгек рыногунда атаанташууга ылайык жана сапаттуу кийимдерди тиге ала турганына сүйүнүп жатышат. Жыйынтыгында, долбоордон окуган жана чакан грант алган катышуучулар чеберканаларды ачып, Бишкектен же Оштон сурамдарды үйлөрүнө алып иштеп башташты.

**18-сүрөт. Нарын шаарындагы долбоордун катышуучусу шейшеп тигип жатат**




Сүрөттүн булагы: авторлор

Долбоордун айрым катышуучулары мурда кол машиналарды колдонгонуп келсе, , эми долбоордун жардамы менен электр машинада тиккенди үйрөнгөндөрүн айтып беришти. Эми алар мындан ары тигүүнүн башка ыкмаларын, кийим бычканды жана чийгенди үйрөнүүнү каалашат. Алар долбоор ушуну менен эле бүтүп калбастан, кардарлардын су-

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

рамдарды да алганга жардам берсе экен деп үмүттөнүшөт. Долбоордун кээ бир катышуучулары тикмечилик курстарына барып, көндүмдөрүн жана билим деңгээлдерин мындан ары өркүндөтөрүн билдиришти.

Долбоорго катышкан аймактар кийим тигүүчү ишканаларды ийгиликтүү ачып иштетүү үчүн кошулган нарк тизмегинин дагы башка катышуучулары менен байланышка чыгышы керек. Алар кийим тигүүчү ишканаларын ийгиликтүү баштап алса, айылдардагы көптөгөн жумушсуздарга, айрыкча аялдарга иш орундарын түзүп бере алышат. Турмушка чыккан аялдарга жана жаш кыздарга ар тараптуу көндүмдөрдү үйрөтүү өтө маанилүү, анткени аны менен аялдардын көз карандысыздыгын жана билим деңгээлин жогорулатууга мүмкүнчүлүк болот.

## 5. Изилдөөнүн корутундусу жана сунуштар

Кездемелерди сырттан ташып келгендер, өндүрүш ишканалары (кийим тигүүчү ишканалар), жабдууларды жана машинкаларды камсыз кылгандар жана тейлегендер, жана экспортко чыгаргандар кийим-кече тармагынын негизги аткаруучулары экени кошулган нарк тизмегин талдоодо аныкталды. Ушул ар бир аткаруучу өлкөдөгү кийим-кече өндүрүшүнүн наркына баа кошот. Кыргызстанда эч кандай кездеме чыкпайт жана бардык кездемелер Кытайдан, Түркиядан жана Түштүк Кореядан алынып келет. Кийим тигүү тармагы 2000-2012-жылдары өтө жакшы өнүккөн, андан кийинки жылдары сырткы таасирлерден улам өндүрүш төмөндөп кеткен. Акыркы жылдары бул тармак кайрадан күч алып, мурдагы калыбына келе баштады. Бирок Кыргызстанда кийим тигүү тармагынын өсүшү негизги экономикалык факторлорго байланыштуу ар кандай тоскоолдуктарга дуушар болууда. Алар төмөнкүлөр:

- Кыргызстандын кийим тигүү тармагы мурдагы совет өлкөлөрүнүн, айрыкча Россиянын базарларынан көз каранды. Кыргызстандын ишкерлери дүйнөлүк кийим тигүүчү кошулган нарк тизмегине байланышкан эмес. Эгер Россиянын кийимге суроо-талабы болбосо, анда Кыргызстандын өндүрүшү жоготууга дуушар болот.

- Кийим тигүү тармагынын басымдуулук кылган ишкердик үлгүсү текстилдин көп убаралуу кошулган нарк тизмегин түзүүгө негизделген жана өзгөчө тигүүчүлөр үчүн жумушчу күчкө аз чыгымдарлы (маянанын аз болушун) болжойт. Бирок Бишкек жана Ош шаарларында бул кесиптин эмгек акысы бир аз болсо да көтөрүлүп, кийим-кечелердин бааларына да таасирин тийгизди.

- Бул тармак арзан баада алып келинген кездемелерден көз каранды жана экспортко чыгарган өлкөлөрдүн койгон бааларынын да таасири тиет. Кыргыз экспорту Евразия экономикалык биримдигинин алкагындагы өзгөрүп турчу тарифтерге жана административдик тоскоолдуктарга туш болууда. Бул кийим тигүү өндүрүшүнүн баасынын жогорулоосун шарттайт.

- Өкмөттүн программалары жана башка уюмдардын иш-аракеттери Бишкек, Ош шаарлары менен Чүй областына басым жасаганы байкалат. Бирок кымбат баалуу инвестициялар көбүнчө баалардын жогорулашына алып келет, ошондо кыргыз өндүрүшү атаандаштык рыногуна чыга алат.

- Мындай маселелер кылдат иштелип чыккан планды талап кылат, анткени кийим тигүү тармагынын азыркы абалынын келечеги алыс эмес.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

Изилдөө учурундагы респонденттердин берген жоопторунун негизинде, төмөнкү маанилүү жагдайларды эске алуу сунуш кылынат:

**1. Кийим тигүү нарк тизмегинде иштеген жаштардын жетишсиз билими жана көндүмдөрү**

Кийим тигүүчү ишканаларда иштеген жаштардын тигүүчүлүк боюнча жалпы гана түшүнүктөрү бар жана аларга негизги көндүмдөр менен кесиптик билимдер жетишпейт. Анын негизинде жаштардын башка жумушчуларга же атайын кийим тиккенди окуп келгендерге караганда атаандаштык мүмкүнчүлүктөрү аз. Ишканаларда тренингдерге көңүл бурулбайт жана ишканалардын ээлери ушул маселени ойго алуусу зарыл. Ишканалар ар бир тигилген кийимге акча төлөшөт. Ошондуктан, эгерде жаштардын көндүмдөрүн жогорулатса, анда ал ишканага да, жаш жумушчуларга да көбүрөөк пайда алып келмек. Изилдөөгө катышкан респонденттердин айрым бөлүгү орто билимдүү жана алар (32) кийим тиккенди өздөрү үйрөнүп алышкан, ал эми калгандары (22) ар кайсы тармактар боюнча жогорку билимдүү.

Кийим тигүүчү ишканаларда жаш жумушчуларга жалпысынан негизги сабатуулук жана иш көндүмдөрү жетишсиз. Алар: баарлашуу, көйгөйдү чече билүү, жоопкерчилик, демилге көтөрө билүү сыяктуу көндүмдөр; булар жумуш учурунда башка адамдар менен мамиле түзгөнгө жардам берип, баалуу жумушчу болууга шарт түзмөк.

Компьютерде иштегенди билүү жана башка тилдерде эркин сүйлөө сыяктуу негизги сапаттар да көпчүлүгүндө жокко эсе. Арзан жана максаттуу программалар аркылуу тренингдерди уюштуруп, жумушчулардын кесипитик деңгээлин жогорулатуу мүмкүн. Азыркы учурда окуу жайларда окутуп жаткан программалар практикага көп дал келбейт жана аларды жеке (коммерциялык эмес) билим берүү уюмдары аркылуу ишке ашырса болот.

**2. Кийим тигүү тармагында жаштар жумушун таштап кетишине түрткү болгон себептер**

Кийим тигүү тармагында адмадар тез-тезден жумуш которуп турары анык жана ага негизги үч себеп бар экени айтылды. Алар: миграция, жогору маяна издөө жана ишканалардагы начар шарттар. Жумушчулардын жумуш которуусунун негизги себебинин бири бул **миграция** (айыл жеринен шаарларга, Россияга же Казакстанга). Россиянын же Кыргызстандын чоң шаарларында туугандык байланышы барлар үчүн жумуш табуу жеңилирээк.

**Ишканаларда иш шарттары негизинен канаттандырарлык эмес.** Көп ишканалар үйлөрдүн жер төлөлөрүндө жайгашкан жана алар кийим тигүү ишканаларына атайын даярдалган эмес. Ал жерде аба алмаштырылбайт (чаң же түтүн сыртка чыгышы мүмкүн эмес) жана абанын температурасын көзөмөлдөөгө болбойт (кышында суук, жайында ысык). Ишкана ээлери пайда табуу үчүн кичинекей аянтчага көп сандагы тигүүчү машикаларын коюп, жарык жана иш аянчалары да жетишсиз. Мындай иш шарттары жумушчулардын ден-соолугуна зыян келтирип, алардын өндүрүш мүмкүнчүлүктөрүн азайтат.

**Маяналар.** Жумушчулар тегерегиндеги ишканалардын айлык акыларын жакшы билишет. Алар жакшыраак акча табуу максатында жумушун которуп кете беришет. Ишканаларда айлык акыны кечиктирип берүү да көп орун алган, анткени алар да дүң соода кылгандардын төлөгөнүнө көз каранды. Ошондуктан, эгерде ишканада маяна канча көп кечиктирилсе, ошончо көп жумушчу башка иш издешине түрткү болот.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

### 3. “Демилгелүү жаштар” долбоору жүрүп жаткан аймактарда жаштарга жумуш орундарын түзүп берүүчү эмгек рыногу

Азыркы учурда кийим тигүү тармагында кийим тигүүчү ишканалар жаштарга жумуш орундарын камсыз кылып жатат. Жогоруда сөз болгондой, көптөгөн кийим тигүүчү ишканалар жүз миңден ашык адамды иш менен камсыз кылат жана жаштар бул тармакта салыштырмалуу жеңилирээк иш таба алат. Бул үчүн жумуш издеген жаштар бир аз да болсо тикмечилик шыгы болушу керек, анткени андан аркы көндүмдөрдү тигүүчү ишканалар өздөрү үйрөтүп алышат. Эгерде кийим тигүү жагынан эч тажрыйбасы жок болсо, мамлекеттик жана жеке уюмдарда кыска мөөнөттүк курстарды окутушат. 2019-2020-жылдын ноябрь-февраль айларында жүргүзүлгөн бул изилдөөгө катышкан бардык тигүүчү ишканаларда тикмечилик же башка бош жумушчу орундар катталган. Тигүү тармагында иштегенге эч кандай деле тааныш-билиштин кереги жок. Жумушка кирүүгө чейин тигүү боюнча окуулар же атайын тажрыйбалар деле көп талап кылынбайт жана жумушка орношуу жолдору оңой. Кийим тигүү тармагында жумушка орношуу расмий эмес түрдө сүрөттөлөт жана алардын көбү патенттик негизде иш алып барат.

Бул тармакта «жакшы сезон» жана «начар сезон» деген түшүнүк бар. «Жакшы сезон» учурунда кийим тигүүчүлөр жетишпей калат. Алардын айлыктары 250 АКШ долларынан 1,000 АКШ долларына чейин болушу мүмкүн. Бул айлыктар орто эсеп менен болжолдуу түрдө алынган жана ал сезонго, ишкананын көлөмүнө, ийгиликтүү иш алып барууга, жумушчунун көндүмдөрүнө жана иштеген саатрына да жараша болот. Кээ бир жумушчулар күнүнө 13-14 саат иштеп, көбүрөөк акча табууга аракет кылышат. Билими жана тажрыйбасы жок жумушчу үчүн мындай айлык акы жетишерлик деп эсептелет. Ошондуктан долбоор жүрүп жаткан аймактарда кийим тигүүчү ишканалар жаштарды, алардын ичинде аялдарды жумуш менен камсыз кылуучу тармак катары өзүн жакшы көрсөтүп, жыйынтыгында ийгиликтүү мисалдарды бере алды.

Базар-Коргон, Сузак, Араван, Кочкор райондорунда жана Нарын шаарында саналуу гана жумушчулар иштеген менен бир нече эле тигүүчү ишканалары бар. «Демилгелүү жаштар» долбоорунун жардамы менен кээ бир аялдар тренингдерге катышып, кээ бири өз ишкердигин ачса, кээ бири чакан ишкердиктерин кеңейте алды. Алыскы райондордо мындай демилгелер жана старт-ап долбоорлору кийим-кече тигүү тармагында жаштарды иш менен көбүрөөк камсыз кыла аларын көрсөттү. Бишкек жана Ош шаарларында тигүүчү ишканалар көп жана ал жерлерде жаштарга жумуш орундары абдан эле кеңири.

Изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкү кеңештер мамлекеттик жана эл аралык уюмдарга сунушталат:

- Кыргыз Республикасынын өкмөтү өлкөнүн кесиптик билимди жана илимди жакшыртуу менен, адам ресурстарын өнүктүрүүнү жана күчтөндүрүүнү улантуусу зарыл. Өкмөт жумушта талап кылган көндүмдөргө жооп бере турган программаларды иш орундарын түзүп берүүчүлөр менен (ГИТ, Азия Өнүктүрүү Банкы жана ЮСАИД сыяктуу эл аралык донор уюмдар менен биргеликте) иш алып баруусу зарыл.

- Айыл жергедеги элди миграциянын ордуна иш менен камсыз кылып алып калуу үчүн элет жерлериндеги кийим тигүү тармагында эмгектенген ишкерлерге өкмөт үстөк пайызы төмөн насыяларды берүү мүмкүнчүлүгүн кароосу керек. Мындай кадам тигүү тармагындагы экономикалык иш-чараларды жана айылдарды өнүктүрүүгө жардам берет. Айыл жеринде эмгек акысы жана жашоого сарпталуучу чыгым азыраак жана бул

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

жакшы атаандаштыкты жарата алмак. Бирок жумушчулардын алчу эмгек акысынын суммасы шаардагы жумушчулардыкынан айырмаланбашы керек.

– Өлкөдөгү тигүү тармагын башка нукка буруу жаңы атаандаштык мүмкүнчүлүгүн жаратмак жана ал айыл жеринде айрыкча аялдардын жашоосун жакшыртмак. Кыргызстанда көпчүлүк тигүү ишканалары кичинекей болгондуктан, аларды айыл жерине которуу же айылдарда жаңы ишканаларды ачуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу керек. Андан тышкары, мындай кадамдарды башка уюмдар менен биргеликте аткарып, ишкердикти алдыга жылдыруу максатында интернетти колдонуу керек.

– Кыргызстандандын тигүү тармагы чыгарган өндүрүмдөрдү Евразиялык Бажы Биримдигине жана башка өлкөлөргө чыгарууга мүмкүнчүлүгү бар. Кыргыз Республикасынын өкмөтү ЕББдагы жана Соода Палатасындагы өкүлчүлүктөрү аркылуу чакан ишканалардын өндүрүмдөрүн экспортко чыгарууга көмөктөшүүсү керек.

– Эл аралык жана жергиликтүү уюмдар айыл жеридеги жумушсуз жаштарга ехникалык жана кесиптик билим берүү аркылуу ар кандай трениндерди уюштууга басым жасашы керек. Кесиптик окуу жайларда кийим тигүүгө өзгөчө көңүл буруу зарыл, анткени бул тармакта жумуш табуу оңой экени аныкталды. Кийим тигүү ишканаларга кесиптик окуу жайлар менен байланышта иш алып баруусу сунуш кылынат.

– Тренингдик иш-чаралар өкмөттүк жана донор уюмдар менен бирге аткарылып, айыл жеридеги кийим тигүү ишканаларын жаңы ачып жаткан ишкерлерге гранттар берилип, патент жана башка социалдык төлөмдөрдөн бошотуу зарыл.

– Жергиликтүү жана эл аралык юумдар жаштар жумуш издегенде өздөрүнүн жакшы сапаттарын көрсөтө алуу үчүн негизги сабаттуулук көндүмдөрүн үйрөтүүсү зарыл. Бул айыл жеринде кийим тигүү ишканаларында эмгектенген жаштар үчүн өтө маанилүү, анткени шаарлардагы чоң ишканалардан сурамдарды алып иштөөгө мүмкүнчүлүк ачып берет.

© Борбордук Азия Университети, Мамлекеттик башкаруу жана саясат институту.

www.ucentralasia.org